**ЭСЕНГЕЛДИЕВ Т.**
**nbknu@mail.ru**

# ЗАЛКАР ОКУМУШТУУ, АЙКӨЛ АДАМ

Асанбек Табалдиев–жыйырманчы кылымдын Залкар окумуштуусу жана Айкөл адамы болуп калыптанып чыккан, аны мезгил өзү айкын далилдөөдө. Анткени, анын окуусу да, адамкерчилиги да жашоосун улантып, 20-кылымдан 21-кылымга өтүп, жаңыланып келе жатат, алдыда аны дагы кылымдар күтүп турат. Улуу окумуштуу өзү «Октябрга эстелик» деп жазганындай, кыска өмүрүндө өзүнө да негиздүү залкар эстелик тургузуп кетти. Ал эстелик–анын универсалдуу окумуштуулугу, социалдык философияны, анын ичинде улуттардын өнүгүү философиясын изилдөөчү эң мыкты Адис жана Айкөл адам болуп тарыхта калганы. Башкача айтканда, Асанбек Табалдиев тарыхтан тубаса ойчул, асыл, ак, нагыз сапаттуу Адам деген түшүнүккө толук жооп берген касиеттүү инсан катарында орун алды.

Анын окуусунун өзөгүн улут маселеси, улут саясаты, улут мамилелери жөнүндөгү теориялык ойлору, жоболору менен практикалык иш-аракеттери түзүп турат. Бул илимди ал жогорку энциклопедиялык деңгээлге жеткирген. Анын чокусу–дүйнөгө төңкөрүш жасаган улуу В.И.Ленин илимине жетип теңелип (!), анын улуттардын өнүгүүсүндөгү эки тенденция жөнүндө ачкан революциялык окуусун дагы гениалдуу(!) улантканынан көрүнүп турат. Ал окуу--советтик коомдогу улуттардын жана улуттук мамилелердин өнүгүүсүндөгү эки тенденциянын диалектикасы.

Асанбек Табалдиевдин бул бийик илими азыркы убакта дүйнөдө интенсивдүү өнүгүп жаткан Ааламдашуу (глобалдашуу) илимий багытына башынан эле туура, дал келип, айкалышып өнүгүп келе жатат. Тактап айтканда, анын улуттардын өнүгүүсү, алардын жакынкы жана алыскы түпкү келечеги жөнүндөгү илимий ачылыштары. Ааламдын алкагында мындан ары дагы өнүгүп, жаңы күчкө ээ болуп жүрүп отуруп, жүздөгөн кылымдар аралыгында улуттардын гүлдөп өсүп, бири-бирине кошулушуп, «куюлушуп» кете турганын далилдегени – «Асанбек Табалдиевдин дүйнөлүк улуттук окуусу» деп аталып калмачы. Анткени, анын илими башталган күндөн тартып эле Аалам алкагында жаралып, Ааламды кучагына алып келүүдө. Ал боюнча улуттар негизинен капиталисттик коомдо калыптанганга чейин эле уруу, урук, элдүүлүк болуп жарала баштагандан эле өз алдынчалыгы, өз эркиндиги менен бирге өзара коңшулаштык, общиналаштык мамилелерде болушкан. Андай мамилелешүүлөр улуттук дэңгээлге жеткенден кийин да Ааламдашуу процессинин алкагында активдүү өнүгүп жатат.

Бул обүективдүү дүйнөлүк процессте улуттук мамилеле-шүүлөр улам мурдагы тажрыйбаларга таянуу менен өөрчүп, бара-бара улуттардын өзара дагы обүективдүү жакындашуусуна жана жетиштүү турмушта жашоосуна алып келет; бул баскычта улуттар өзара ажырагыс бекем ынтымакка келишип биригишет; мындай жогорку бийиктиктеги баш кошуу, андан ары дагы чыңдалып, жаңы тепкичтерге көтөрүлүп, куунаган мезгилде, улуттар өз эрктери, өз каалоолору менен бир мамлекет болуп биригишет (адегенде материктер боюнча, анан бүткүл дүйнө боюнча); дагы ар тараптуу өнүгүп отуруп, гүлдөгөн жыргал турмуш чегине жеткенде, бири-бири менен «камыржумур» аралашып, өзара кошулушуп, бири-бирине «куюлушуп» кетишет; ал эми чексиз прогрессивдүү өнүгүүнүн кылда чокусуна чыкканда, текши гүлдөгөн бир бүтүн эң күчтүү дүйнөлүк коом калыптанат; ал коомдо улуттардын улуттук белгилери жалпы адамзатка тиешелүү жаңы белгилерге өсүп чыгып, улуттарга жекече тиешелүү белгилер билинбей калат; ошентип, алыскы келечекте бүткүл дүйнө боюнча улутсуз, динсиз (дин моралга айланат), бир ортолук тилдеги, бирдиктүү бай маданияттуу, бай рух дүйнөлүү, эч жат көрүнүштөрү болбогон, эң жогору өнүккөн бир коом келип чыгат; ааламдашуу процесси чексиз

улантыла берет. Бул дүйнөлүк процесс «Асанбек Табалдиевдин дүйнөлүк улуттук окуусунун» да уланышын, чагылышын, ишке ашышын көрсөтөт.

Ал эми азыркы убактагы дүйнөдөгү улуттардын, анын ичинде Кыргызстандагы улуттардын да жогоркудай алыскы түпкү келечегин эске алганда, учурдагы алардын ортосунда болуп жаткан ар кандай конфликтер убактылуу көрүнүш болуп калат. Мындай кагылышуулардын негизги обүективдүү себептеринин бири – улуттардын социалдык-тарыхый өнүгүүлөрүнүн ар кандай деңгээлдерде болушу. Албетте, улуттук мамилелердеги терс көрүнүштөрдүн баары, өйдөдө белгилегендей, бара-бара жоюлуп, улуттар оң жолго түшүшөт. Ошентип, залкар окумуштуугунун илими доор менен кошо жашай бермекчи.

Асанбек Табалдиев - жыйырманчы кылымдын Айкөл адамы болгонун анын акылмандык даражасы, бийик адамкерчилиги, көптү билген эрудициясы, кеңпейилдиги, эмгекчилдиги, демилгечилдиги, адамдын рух дүйнөсүн сезгичтиги, кайраттуулугу, адилеттүүлүгү, чечкиндүүлүгү, өткүрлүгү, талапкердиги билдирип турат. Анын мындай сапаттары тубаса жаралган жана максаттуу өнүктүрүлгөн. Бул касиеттери эң алды анын ата-энесинде болгон, алар айылдагы белгилүү, авторитеттүү адамдардын катарына кирген. Асанбек ата-энесин тартып, «жакшыдан жаан» дегендей, тубаса жөндөмдүүлүгүн дагы чыгармачылык менен жаңылап, ыкчам өстүрүп, илимди жана адамды жаандай көгөрткөн адам болуп, эрте жетилип, коомчулукка тез таанылган инсан болуп чыга келген.

Агайдын айкөлдүк жаратылышы, билинип-көрүнүштөрү өзү жетектеген жыйырмалаган шакирттерине бурган көңүлүнөн, мамилелеринен, иштеринен эле даана байкалып, айгинеленип турчу. Бул багыттагы артыкчылыктарынын эстутум катарында кээ бир штрихтерине токтоло кетели.

Эрудициясынини кенендигине, ар тараптуулугуна мисал. Агай кафедрада заседание өткөрүп жатканда, бирнече ишти параллелң аткара берчү: бир эле убакта сүйлөп жаткандарды ынтаа менен угуп жатып, дагы китеп же диссертация окуп жана жазып да атчу; анан сүйлөгөндөрдүн сөздөрүн анализдеп, жыйынтык чыгарганга да жетишчү. Биз аны туураганга аракеттенчүбүз…

Диссертацияны кантип, кандай жазуу керек? Асанбек агай ушундай суроо коюп туруп, ар бирибизге темабыз менен байланыштырып кеңири, терең илимий кеңеш берчү. Эң алды «мен диссертация жазып жатам» деген жогорку жоопкерчиликти жандүйнөңө, руханий сезимине уютуп бекем тутуп сиңирип алышың керек дечү ал. Изилдөөгө алынган ар бир обүекти күн-түнү менен эмпириялык жана рационалдык деңгээлдерде ой жүгүртүп кароого, дегеле дүйнөдөгү бардык нерселерге жана кубулуштарга дайыма илимий көзкараш менен мамиле жасоого көнүк деп үйрөтчү, ж.б.

Кыраакылыгы, байкагычтыгы, көрөгөчтүгү. Бир жолу кезек боюнча кафедрада Агайдын жетекчилиги менен жаңы жазылган кандидаттык диссертацияны талкуулап калдык. Баарыбыз тең эле дагы иштелсин деп сүйлөдүк (биринчи талкуулоо болгондуктан). Аягында Агай чыгып, бул эмгекти жактоого сунуш кылууга болот деп жыйынтыктады. Көрсө көсөм адам изилдөөнүн талапка жооп берерлик деңгээлде иштелгенине көзү жеткен тура.

Демилгечилдиги, кайрымдуулугу. Биздин кафедрабызда жашы алтымыштан ашкан, Асанбек агайды студент кезинде окуткан Я.А. Рисс деген ардагер окутуучу бар эле. Ал да улгайып калганына карабастан, өзүнүн мурдагы студентинин демилгеси жана жетекчилиги менен философиядан кандидаттык диссертация жазып, жактады. Ал өзүнүн жаш илимий жетекчисинин мындай кайрымдуулугуна жана талапкерлигине абдан ыраазы болуп, өмүрү өткөнчө алкыш айтып жүрдү.

Эстутумдуулугу, баамчылдыгы. Мен Асанбек агайды илимдин кандидаты болоэлегинде, жаңыдан сабак бере баштаганда эле абдан жактырып, жакшы көрүп калган элем. Окууну бүтүп, журналистика боюнча он жыл иштегенден кийин Агайга кайрылып, илимпоз болгум келет деген оюмду айтсам, ал шарт эле «сен жакшы окучу эмес белең, кел, адегенде окутуучу, анан аспирантым болосуң» деп, конкурс менен кызматка алган.

Мен шартка байланыштуу Агайдын көзү өткөндөн кийин анын аты менен(!) кандидаттык диссертацияны жактадым.

Асанбек агайдын кайраттуулугу,_боорукерлиги, аөокерлиги. Агай асылган оорудан улам бир көзүн алдырып койгондон кийин да, кайратынан жазбай, «бир башка бир көз эле жетет экен» деп, мурдагыдай эле эч шек бербей иштей берди.  Кийин экинчи көзү да начарлай баштаганын үй-бүлөсүнө көпкө билгизбеген (аларды аяп). Бир жолу кичинекей кызы Жылдызды туулган күнү менен кубанычтуу куттуктап, ага боору ооруп,  мындай насаат айтат: «Мен жакында алыс бир жакка кетем, аяктан кайра көпкө чейин келбейм. Ошондо сен мени сагынба»…

Агай көп шакирттеринин үйбүлөсүнө, турак жайларына, жашоо шарттарына чейин көңүл буруп, кеңешин айтып турчу, мүмкүн болгон жардамын аячу эмес. Бир факты. Менин кайненем кайтыш болгондо, түнкү саат он экиде Майрамкүл эже экөө келип, көңүл айтып, кафедрада иштеген эки окутуучуну кошуп, айылга жөнөтүп жиберген эле, ж.б.

Асанбек агайдын айкөлдүгү да кылымдап жашай бермекчи.